KSB COMMERCIAL BANK

Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбаган юридикалык жакка эсеп ачуу үчүн документтердин тизмеси

Документтердин тизмеси бирдиктүү мүнөзгө ээ эмес жана катталган өлкөсүнө, уюштуруу-укуктук формасына жана колдонулуучу мыйзамдарга жараша айырмаланышы мүмкүн. Эгерде тиешелүү юрисдикцияда айрым документтер, мисалы, устав же уюштуруу келишими каралбаса, кардар юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүн, башкаруу түзүмүн, органдарынын ыйгарым укуктарын жана өкүлчүлүк кылуу тартибин банкка аныктоого мүмкүндүк берген аларга теңдеш документтерди берет.

1. Юридикалык жак резиденти болуп саналган өлкөнүн ыйгарым укуктуу органында (мекемесинде) катталгандыгын тастыктаган документ (мисалы, каттоо жөнүндө күбөлүк, инкорпорациялоо жөнүндө сертификат, соода реестринен актуалдуу көчүрмө ж.б.), юрисдикцияга жана уюштуруу-укуктук формасына жараша.
2. Эгерде тиешелүү юрисдикцияда мындай документ каралса же берилсе, юридикалык жактын иштеп жаткан компания катары учурдагы статусун тастыктаган документ (мисалы, Certificate of Good Standing, Certificate of Existence).
3. Юридикалык жакты түзүү жөнүндө чечим же юридикалык жакты түзүүнү, анын укуктук статусун жана иш жүргүзүү тартибин жөнгө салуучу башка документ, ошондой эле аларга киргизилген бардык колдонуудагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор.
4. Юридикалык жактын башкаруу органдары (түзүмү жана жеке курамы) жөнүндө маалыматтарды камтыган документ.
5. Юридикалык жактын уюштуруу-укуктук формасын жана келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарын эске алуу менен анын уюштуруу жана корпоративдик документтеринин көчүрмөлөрү. Мындай документтерге юрисдикцияга жараша төмөнкүлөр кириши мүмкүн: устав, Memorandum and Articles of Association, Articles of Incorporation, уюштуруу келишими.
6. Юридикалык жактын жетекчисинин же юридикалык жактын өкүлүнүн банктык эсептердеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктарын тастыктаган документ (мисалы, Certificate of Incumbency, юридикалык жактын жетекчисин дайындоо жөнүндө чечим, юридикалык жактын өкүлүнө берилген ишеним кат ж.б.).Юридикалык жактын өкүлүнө берилген ишеним кат нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүп, апостиль коюлушу (же мыйзамдаштырылышы) жана котормо мекемеси тарабынан күбөлөндүрүлгөн кыргыз же орус тилиндеги котормосу менен кошо берилүүгө тийиш.
7. Юридикалык жактын жетекчисинин же анын өкүлүнүн (эгерде өкүл чет өлкөлүк жаран болсо) паспорту.

8. Юридикалык жактын бардык катышуучуларынын (акционерлеринин) (жеке жактардын) паспортторунун көчүрмөлөрү. Эгерде юридикалык жактын катышуучусу (акционери) башка юридикалык жак болуп саналса, анда ошол юридикалык жактын бардык уюштуруу документтеринин кыргыз же орус тилине которулган көчүрмөлөрү берилүүгө тийиш. Бул талап юридикалык жактын акыркы бенефициардык ээсине (ээлери) — жеке жакка чейин колдонулат. Юридикалык жактын капиталына ээлик кылуунун аралаш түзүмү (жеке жана/же юридикалык жактар) болгон учурда, банкка кошумча түрдө юридикалык жактын менчик түзүмүнүн (башкаруу түзүмүнүн) схемасы кагаз жүзүндө берилүүгө тийиш.
9. Юридикалык жактын менчик түзүмүн жана катышуучуларынын, акционерлеринин же башка менчик ээлеринин курамын тастыктаган документтер (мисалы, юридикалык жактын жетекчисинин колу жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн катышуучулардын (акционерлердин) реестри, акциялардын сертификаттары, каттоочунун маалыматы, бенефициардык ээлик кылуу жөнүндө декларация же акыркы бенефициардык менчик ээлери болгон жеке жактарга чейин ээлик кылуу жана контролдоо чынжырчасын аныктоого мүмкүндүк берген башка документтер).
10. Банктык эсептеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу юридикалык жактын кызмат адамдарынын кол тамгаларынын үлгүлөрү жана юридикалык жактын мөөрүнүн изи (оттиск) түшүрүлгөн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточка.
11. Юридикалык жак резиденти болуп саналган өлкөнүн жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензияланууга тийиш болгон ишти жүзөгө ашыруу укугуна лицензиянын көчүрмөсү.
12. Юридикалык жактын жетекчисинин же өкүлүнүн (чет өлкөлүк жарандар үчүн) Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөндүгүн тастыктаган документтер (авиабилет, мейманканадан маалым кат, каттоо талону, чет өлкөлүк жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу каттоодо тургандыгын тастыктаган документ ж.б.).
13. Юридикалык жактын жайгашкан жери боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында ишеним катсыз юридикалык жактын — резидент эмес жактын атынан иш алып барууга укуктуу анын туруктуу иштеген органынын, башка органынын же адамынын бар же жок экендиги жөнүндө маалымат.
14. Юридикалык жактын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү жөнүндө маалымат (эгерде бар болсо).
15. Кардар — юридикалык жактын менчик түзүмүндө (башкаруу түзүмүндө) ачык кызмат адамынын бар же жок экендиги жөнүндө маалымат.

Банк ишкердик мамилелерди түзүү үчүн зарыл болгон кошумча документтерди жана маалыматтарды өз кароосу боюнча талап кылуу, ошондой

эле тиешелүү документтер берилгенге чейин эсеп ачуудан баш тартуу укугун өзүнө калтырат.

Чет өлкөлүк документтердин таризделишине карата талаптар

Чет мамлекетте берилген документтер берилген өлкөнүн мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Эгерде документ 1961-жылдын 5-октябрындагы Гаага конвенциясынын катышуучусу болуп саналган өлкөдө берилсе, документтин аныктыгы апостиль коюу аркылуу ырасталат. Эгерде документ көрсөтүлгөн Конвенциянын катышуучусу болуп саналбаган өлкөдө берилсе, эл аралык келишимде башка тартип белгиленбесе, документ консулдук легалдаштыруудан өтүүгө тийиш.

Чет тилинде түзүлгөн документтер котормо мекемеси тарабынан күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик тилдеги жана зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын расмий тилиндеги котормосу менен кошо берилет.

Документтердин көчүрмөлөрү банкка берилген учурда, алар түп нускасына салыштырылгандыгы жөнүндө нотариустун күбөлөндүрүү жазуусу менен берилүүгө тийиш.

Салыктык каттоо жана Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СТИН)

Кыргыз Республикасынын аймагында филиалы же өкүлчүлүгү жок юридикалык жак — резидент эмес жакка банктык эсеп ачуу Кыргыз Республикасында СТИНдин болушу жана тиешелүү салыктык каттоодон өтүү шартында жүзөгө ашырылат.

Эгерде юридикалык жак — резидент эмес жакка мурда Кыргыз Республикасында СТИН ыйгарылган болсо, кардар СТИНди көрсөтөт жана бар болгон учурда аны тастыктаган маалыматтарды же документтерди берет.

Эгерде Кыргыз Республикасында туруктуу мекемеси жок юридикалык жак — резидент эмес жак банкка эсеп ачуу үчүн кайрылган күнгө карата ага мурда СТИН ыйгарылбаган болсо, Банк тиешелүү билдирүүнү салык органына жөнөтөт. Эсеп Банк салыктык каттоодон өткөндүгү жана СТИН ыйгарылгандыгы жөнүндө маалыматтарды алгандан кийин гана ачылат.

Кыргыз Республикасында туруктуу мекемеси жок юридикалык жактар — резидент эмес жактар Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык транзакциялык операцияларды гана жүргүзүүгө укуктуу.

Эсеп боюнча операциялар Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде каралган учурларда, Банк салык агентинин милдеттерин аткарат.